ЭЛ АРАЛЫК ФОРУМ
«ЭНЕЛЕР МЕКТЕБИ»

# АТА-ЭНЕЛЕР МЕКТЕБИ

**Чүй облусунун Сокулук районунун
Нурлан Рахманов атындагы
орто мектебинин
3-4- класстын окуучуларынын
ата –энелери үчүн 1-сабак
19.02.22**

Саламатсыздарбы урматтуу ата-энелер!

Бүгүнкү биринчи сабагыбызга кош келиңиздер!



*Адамдын башкаларга кылар эң чоң жакшылыгы — үйүнөн адам болор балдарды тарбиялап өстүрүү.*

*Ч.Айтматов*



# Сабактын темасы:

# Ата-эне болуу чоң жоопкерчилик



Гапыр Мадаминов


«Ата-энелер сиздер үчүн» китебинин негизинде

Атанын да, эненин да балдар алдында өз милдеттери жоопкерчилиги бар. Ата балдарынын тышкы дүйнөгө ишенимдүүлүгүн, ийкемдигин, байланышын калыптандырат. Бекеринен кыргыз эли «Атаң барда эл тааны, атын барда жер тааны» деген эмес. Ал эми эне балдарын мээримдүүлүккө, сүйүүгө болгон керектөөсүн толуктап, ички дүйнөсүнүн тынчтыгы жана тең салмактуулугун камсыздайт.



- Көбүнчө ата-эне жумуш, турмуш-тиричиликтен балдарды тарбиялоого колум бошободу деп өзүн актайт. Бирок балдарынын жанында болуп машыгууга колу бошобосо да алардын **руханий керектөөсүн байкоосу зарыл**, мына ушул эң маанилүү. Жумушка байланыштуу үй-бүлөдөн алыста болсо да телефон, кат аркылуу үй-бүлө менен байланышын окуусу, жашоосу жана жан дүйнөсүнүн абалы менен кызыгып, руханий керектөөсүн билип турса бул балага дем, күч болот. Алар ата-энем алыста же жумуштан колу бошобосо да менин окуум, жашоомо кызыгат, кам көрөт деп сезип, өзүнүн керектигин, баалуулугун түшүнөт. Ал эми бул түшүнүк бала үчүн өтө маанилүү. Бул түшүнүк аркылуу ата-эне балдарынын жан дүйнөсүнө жакындай алат.





Көпчүлүк ата-энелер Россияда же башка чет өлкөлөрдө балдарды багуу үчүн иштеп жүрөт. Азыркы күндөрдө мындай өздөрү алыс болсо да жан дүйнөсү жакын болууну түшүнүүсү өзгөчө маанилүү.





Турмуш-тиричилик, акча байлык деп өз балдарына кайдыгер, кош көңүл мамиледе болуп же балдарга зордук-зомбулук менен тарбия берген, сүйүү, мээрими жетишпеген үй-бүлөлөрдө эки түрдүү балдар өсүп чыгат. Биринчиси эч кимге жана эч нерсеге кызыкпаган, окугусу келбеген, көздөрүндө балалык учкун байкалбаган түнт балдар. Экинчиси эркелетүү, сүйүү, мээримге тойбогон, башкаларга да аны бере албаган ачуулуу, агрессивдүү балдар. Мындай балдар келечекте өзүнө, жакындарына өздөрү жашаган коомго зыян келтириши мүмкүн.




Ошол үчүн бир дагы ата-эне бала тарбиясына жоопкерчиликсиз мамиле кылууга укугу жок. Башкача айтканда бала тарбиясына астейдил, чын дилден көңүл буруп, ал үчүн атайын китептерди окуп, билерман адамдардан консультация алып бала тарбиясына өз алдынча изденип, даярданып, көңүл бөлүп толук арнаса гана келечекте коомго да, ата-эненин өзүнө да пайдалуу, бактылуу балдар өсүп чыгат. Демек бала тарбиясы эптеп төрөп, кийинтирип, тойгузуп, айтканынын баарын алып берүү менен боло турган өзүнөн өзү жүрө турган маселе эмес. Бул балдардын алдында, коомдун алдында, Кудайдын алдында олуттуу, жоопкерчиликтүү маселе. Аны биз ата-энелер ар дайым эсте тутуубуз зарыл.

# Туура тарбия (Турмуш сабактарынан)

Бир айылда бир кадырлуу, акылман карыя жашай турган. Ал балдарды өтө жакшы көргөндүктөн дайым алар менен ойноп, аларга ар кандай белектерди бере турган. Бирок ал берген оюнчуктар дайыма жука жана өтө назик боло турган. Балдар алар менен көпкө ойной алышчу эмес, себеби бат эле сындырып алышчу. Ыйлап келген балдарга карыя андан дагы назик оюнчуктарды берчү. Канчалык аракет кылышпасын, балдар аларды көп өтпөй эле сындырып алышчу. Бир күнү балдардын ата-энелери карыяга мындай дешет: «Биз сизди абдан сыйлайбыз. Сиз биздин балдарыбызды абдан жакшы көрөсүз, бирок дайыма аларга назик оюнчуктарды бересиз. Балдар аларды бат эле сындырып алышкандыктан, ызаланып ыйлап жатышат. Сиз берген оюнчуктар аябай сонун болгондуктан, ойногулары келсе дагы коркуп, ойной албай жатышат», - дешет.

Ошондо карыя: «Бир аз убакыт өткөндө балдар чоңоюшат. Ошондо бирөө аларга жүрөгүн тартуулай турган учур келет. А мен балдарынар андай назик, кымбат нерсени сындырбай уруна билүүгө азыртан үйрөнүп, кийин жашоодо кыйналышпасын деп жатам», - деп жооп кайтарат.


Ата-эненин балага калтырган
эң жакшы белеги, аларга
берген тарбиясы!


# Үй-бүлөдө тарбиянын негизги багыттары



# Тарбия дөңгөлөгү






Дене тарбиясы
Эстетикалык тарбия
Акыл-эс тарбиясы
Тарбия
Эмгек тарбиясы
Адептик тарбия

❗📖"Айрыкча биздин коомдо баланы мектеп, мугалим окутат деген түшүнүк калыптанган. Жан-Жак Руссо "баланы тарбиялабай эле кой, өзүңдү тарбияла, ал баарыбир сага окшош болот" деген. Эгер мен китеп окубасам, мектепте окулабы же башка жерде окулабы, балама кызыксыз. Баланын көзүнчө жок дегенде китеп окумуш болуш керек".

# Ата-энелерге суроо

1. «Балага үйдөн тарбия, мектептен билим берилет» дегенди кандай түшүнөсүз?

2.Бала тарбиялоо менен, бала багуунун айырмасы кандай?

3. Атанын баласы үчүн алгачкы жакшылыгы кайсы деп билесиздер ?

4. Сиз балаңызды эркелетесизби ?

Балдарыңызды бай кылып тарбиялаңыз.

Акылга бай, жан дүйнөсү бай, сулуулукка бай, мээримге бай, оюнчукка бай, момпосуйга бай балдар башкалар менен көп нерсени бөлүшө алышат!


Баланызга канчалык мыкты
экенин бат-баттан
айтып,колдоп турунуз.
Ал бул сөздү башка эч
кимден укпайт.
Ата-Эненин колдоосу аны
мыкты келечек курууга
жетелейт...
ӨМҮР КЕМЕСИ

# Ата-энелерге суроо

*1. Сиз китеп окуйсузбу ?*

*2. Акыркы жолу окуган китебиңиз кайсы?*

*3. Балаңыз китеп окуп бериңизчи десе, эмне деп жооп бересиз ? (эгер сиз бошобой жатсаңыз)*

# Кандай аракет жасашыбыз керек?



- Күнүгө 10-15 мүнөт китеп окууга аракеттениңиз.
- Окуучуга кызыктуу болгон китептерди сатып бериниз, өзүңүзгө эмес.
- Баланы китепке бөлөңүз.
- Жай жана катуу окуңуз.
- Китептерди көп-көп окуңуз.
- китепти окууга абдан мажбур жасабаңыз.
- Китепке болгон кызыгууңузду көрсөтүңүз.
- Өзүңүз журнал, газета оку менен балага үлгү болуңуз.


Окуу бир коомдун күнүмдүк адатына айланганда, ал коом сөзсүз бактылуу болот.
КИТЕП БУЛАГЫ


Катасыз, туура жазууга үйрөнөт.
Тарбиясы жакшырат.
баланын сөз байлыгы, кеп маданияты өнүгөт.
Китеп окуунун 5 себеби
Акыл маданияты өнүгөт.
Окуучу эмоционалдык жактан( каармандарга баа берүү, алардын кубанычын, кайгысын чогуу

## Окуучу билим сапатка ээ болуш үчүн:

**Ата – эне тараптан**

Үйдөн ата-эне баланын окуусун көзөмөлгө алып, ага окуу үчүн керектүү шарттарды түзүп берүүсү

**Мугалим тараптан**

Балага сапаттуу окуу- билим тарбиясын берүү

**Окуучу тараптан**

Сабакка болгон кызыгуу, тынымсыз эмгек



allenatariko.ucoz.ru



# Үй-бүлөдө балага сабак даярдоого шарт түзүү

- Бөлмөнүн санитардык-гигиеналык абалы (тазалык, жарыктын жетишүүсү, ыңгайлуулугу).
- Стол, стул, китеп текче, шкаф ж.б. зарыл эмеректердин болуусу.
- Окуу китептеринин толук, иреттүү сакталышы.
- Энциклопедия, жана башка адабияттардын болуусу.
- Жаш курагына ылайык окуусу үчүн сунуш кылынган адабий
- китептердин тизмесинин илинип туруусу. Аларды таап окуусу.
- Өз алдынча даярдануу багыттарынын болуусу. Анын аткарылышы.
- Күндөлүк режимдин, расписаниенин жазылып илинип туруусу.
- Мүмкүн болсо телевизор, радио, магнитофон болуусу, аны билим алууда пайдалануусу.
- Стол лампасынын (настольная лампа) болуусу.

Балдарыбыз- биздин келечегибиз. Туура тарбияласак –бактылуу карылыгыбыз. Жаман тарбияласак шорубуз, көз жашыбыз, башка адамдар менен өлкө алдындагы кечирилгис күнөөбүз.

А.С. Макаренко

# Топтордо иштөө

- 1-топ. Тарбия дөңгөлөгү
- 2-топ. Сабак даярдоочу бөлмө, бурч
- 3-топ. Китеп окуунун себептери.

# Алдыга максат коюу:

*-Бирге окуйбуз*

*-Көңүлдүү старт*

*-Жомок окуу убактысы*

# Күтүү дарагы

***-Мен бүгүнкү сабактан эмнени ала алдым?***

***-Балаңыз үчүн китеп окуунубу же телефон менен убакыт өткөзүүнү тандайсызбы?***

***-Кийинки «Ата-энелер мектебинин» сабактарына келесизби ?***


Апа - атанын, эженин,
аганын да ордун баса алат.
Бирок, булардын эч кимиси
апанын ордун баса албайт.
facebook.com/Кыргызча Афоризмдер +

# Үйгө тапшырма

1. Балдардын сабак окуу бурчу жана китеп текчеси (фото отчет)

2. Балдар менен биргеликте үй-бүлөлүк китеп окууну уюштуруу. (видео отчет)

3. Тарбия дөңгөлөгүн чийип үйгө илип коюу, анын кайсы жагы аксап жатса ага көңүл бөлөлү.(фото отчет)

# Сабакка активдүү катышып бергениңиздерге ыраазычылык билдирем!

## Саламатта болуңуздар!

